КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ
№22 ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ
ИНН 00702200510066
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ОСНОВНАЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА №22 ГОРОДА ЖАЛАЛ-АБАД
«30 01 2020»

**Жалал – Абад шаарынын №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин усулдук бирикмесинин**

**№ 2 ТОКТОМУ**

**30. 10. 2020-ж**

Катышканы: 13

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу.
2. Кыргыз тили , орус тили, өзбек тили сабактарынан айланпа дептерлердин тутулушун текшерүү.

Угулду:

1 – маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы жаңы окуу жылындагы жаш мугалимдер жөнүндө маалымат берди. Аларга жыл башында тажрыйбалуу мугалимдерден устаттар дайындалганын айтып өттү. Көп жылдан бери кезген педагог жолун баса колунан келген жардамды берип жана иш тажрыйбаларын жаш мугалимдерге үйрөтүп жатканын устат мугалимдер айтып өтүштү. “Сурап билген алым” билбегенин устаттардан үйрөнүү парздыгын жаш мугалимдерге дагы бир жолу эскерте кетишти. Устат мугалим Хакимова Купай эжеке жаш мугалимдерге журнал толтуруудан баштап натыйжалуу ыкмаларды сабакта колдоо жолдорун көрсөтүп берүүгө дайым даярдыгын мугалим кесибин жаңы баштаган кесиптештерге каратты.

Экинчи маселе бонча маселе боюнча УБ угулду:

5-6-класстарда тилдерден айланпа дептерлери текшерилди. Окуучулардын иш дептерлери толук , сырты жазылган . текшерилген. Дептерлердин тутулушу , жазылыш нормалары жакшы. Кетирилген кемчиликтер тилчи предметтик мугалимдерге усулдук колдонмолор берилди жана сунуштар айтылып өтүлдү.

Токтом чечим кылат:

1. Жаш мугалимдердин ишин көзөмөл кылуу жана жардам берүү устат мугалимдерге бекитилсин.
2. 5-6-класстардын айланпа дептерлерин айтылган кемчиликтерди жоюу менен дептерлердин тутулушун көзөмөлдөө менен окуучуларда туура дептер жүргүзүү калыптандырылсын

Мектеп директору: А.Мамырасулова

УБ жетекчиси Д.Усманова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ
№22 ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ
ИНН 00702200510066
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ОСНОВНАЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА №22 ГОРОДА ЖАЛАЛ-АБАД
«30» 08 2021

## Жалал – Абад шаарынын №22 -жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин усулдук бирикмесинин

## № 1 ТОКТОМУ

30. сентябрь 2021ж.

Катышканы: 14

**Күн тартибинде:**

1.2020-2021-окуу жылында усулдук бирикменин ишине толук анализ берүү.

2.Усулдук бирикменин жетекчисин дайындоо.

3. 2021-2022-окуу жылына карата усулдук бирикменин жылдык иш планын талкуулоо., сунуштарды киргизүү , перспективалуу өзгөртүрүү менен бекитүү.

4. Кыргыз тили айлыгын өткөрүү.

Угулду:

1 – маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси 2020-2021- окуу жылында усулдук бирикменин планында көрсөтүлгөн иштер боюнча отчет берди. Усулдук бирикменин максаты мугалимдерге методикалык жардам берүү менен окуучулардын билим сапатын ашыруу- тактап айтканда сапаттуу билим берүүдө натыйжалуу ыкмаларды мугалимдер арасында жайылтуу.

2- экинчи маселе боюнча Рахманова сүйлөдү:

- Мектепте болгону 13 мугалим , 2 саатына келип кетет, класстар 9 га чейин бирденэле, орто класстарда бала саны аз болгондуктан методистке штат жок. Бирок көп жылдан бери Д.Т. Усманова эжеке мугалимдерге усулдук жардам берип . мектептин усулдук иштерин жүргүзуп келип жатат. Менин сунушум Д.Усманова өз ордунда калса жакшы болот.

Угулду :

3-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси болжолдуу планды мугалимдерге окуп уктурду. Талкуулоо үчүн ортого салды. Мугалимдер өз сунуштарын жана ой пикирлерин билдиришти. Орозбаева Самара ПИЗА боюнча математика сабагынан тестерге токтолуп кетти. Кошумчалар менен жылдык план бекитилиши суралды.

4-маселе боюнча кыргыз тили предметинин мугалими Көккөзова Гулбурак сөзгө чыкты:

-Мамлекеттик тилге арналган бир айлык иш чара жүргузүлдү. Кыргыз тилинен диктанттар жазылды. 5-9-класстар арасында өткөрүлгөн кыргыз элинин улуттук кийимдери, каада салтын көрсөтүүчү буюмдар \көргөзмөсу окуучулардын кыргыз элине болгон кызыгуусун ашырды. Окуучулар тарабынан докладтар жазылып, чыгармалар боюнча сүрөттөр тартылганы иш чараны жүрүп жаткандыгын көрсөттү.

Токтом чечим кабыл кылат:

1. 2020-2021-окуу жылында усулдук бирикменин ишин анализи жалпы мугалимдерге жеткерилди.
2. Усулдук бирикменин жетекчиси болуп Д.Усманова калтырылсын.
3. 2021-2022-окуу жылына карата усулдук бирикменин жылдык иш планы айтылган сунуштар киргизилип бекитилсин..
4. Кыргыз тили боюнча иш чаралар иштелип чыгылсын.

Мектеп директору: А.Мамырасулова

УБ жетекчиси: Д.Усманова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ
№22 ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ
ИНН 00702200510066
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ОСНОВНАЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА №22 ГОРОДА ЖАЛАЛ-А
28. 05 21

**Жалал-Абад шаарынын №22 - жалпы негизги билим берүүчү мектебинин усулдук бирикмесинин**

**№ 7 ТОКТОМУ**

28. 05. 2021 ж.

Катышканы: 14

Күн тартибинде:

1. Ийримдер боюнча анализдоо.
2. 5-9-класстарда дене тарбия сабагынан спорттук мелдештерди уюштуруу.
3. Кыргыз тили сабагынын окутулушун талкулоо
4. 9-класста мамлекеттик аттестациянын билеттерин даярдоо.

Угулду:

1 – маселе боюнча Мирзаходжаева Манзура анализ берип өттү. Биздин мектепте эки ийрим: “Жаш информатик”, “Жаш математик” жүргүзүлгөнүн жана алар боюнча төмөнкү маалыматтарды билдирди. Ийримдер боюнча журнал жазылып. Ар бир ийримде 15 окуучунан жазылган. Окуучулар 5-7 класстардан катышып келишет. Жадыбал боюнча планда көрсөтүлгөн темалар менен сабак өтүлөт. Окуучулар менен маек жүргүзүлүп алардын ой пикирлерин ийрим жетекчилери менен талкууланды. Ийрим планына окуучулардын заманбап талабынын даражасында темаларды киргисүүсү сунушталды.

Угулду: УБ

2 – маселе боюнча дене тарбия сабагынан 5-9-класстар арасында спорттук мелдешүүлөр өткөрүлдү. Анда: футбол , 60 м чуркоо, турникке тартылуу , секирүү мелдештери болуп өттү. Окуучулар чоң кызыгуу менен катышышты. Жеңүүчүлөргө ардак грамоталар жана белектер тапшырылды.

3-маселеде кыргыз тили сабагынын окутулушу боюнча талкуулар жүргүзүлгөндө , кыргыз тили сабактарынан окуучуларды кыргыз тилине болгон кызыгышын ашыруучу иш чаралар жүргүзүлүшүн жолго коюу сунушталды.

Угулду:

4 - маселе боюнча окуу бөлүм башчысы С.Канатова жободо көрсөтүлгөн : математика , өзбек тили ,кыргыз тили, тарых предметтеринен аттестациянын билеттери өз убагында предметтик мугалимдер тарабынан жазып тапшырылганын билдирди. Билеттер боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп мугалимдер тарабынан эч кандай түшүнбөстүктөр болбогонун билдирди.

Токтом чечим кылат:.

1. Ийримдердин планына кошумча заманбап талаптарга жараша иш чаралар киргизилсин.
2. Дене тарбия сабагынан өткөрүлгөн мелдештер натыйжалуу.
3. Кыргыз тили боюнча иш чаралар карап иштеп чыгылсын.
4. 9-класстын мамлекеттик аттестация билеттери нормада жазылган.

Мектеп директору: А.Мамырасулова

Усулдук бирикме жетекчиси: Д.Усманова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ
№22 ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ
ИНН 00702200510066
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ОСНОВНАЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА №22 ГОРОДА ЖАЛАЛ-АБАД
«25» 02 2023

**Жалал – Абад шаардык №22 жалпы негизги мектеби мекемесинин усулдук бирикмесинин**

**№ 5- ТОКТОМУ**

25-февраль 2023 ж.

Катышканы: 13

Күн тартибинде:

1.Англис тили декадасын өткөрүү.

2.5-9-класстарда предметтер боюнча өз ара конкурстар уюштуруу.

3.Башталгыч класстарда ачык сааттар өткөрүү.

4.Өз ара сабактарды талкуулоо жана анализдөө.

Угулду :

Биринчи маселе боюнча Абдулгазиева Адина сөзгө чыгып, Англис тили декадасындагы жасалган иш чараларды эске сала токтолду. Мектептеги жасалмалар англис тили декадасын окуучуларга билдирип тургандыгын айтып өттү.. Англис тили сабагынан 6-класста ачык саатты жаш студент - мугалим Фуркатова Зарнигар интерактив доска менен кызыктуу сабак өткөндүгүнө анализ берди.

Угулду:

Экинчи маселе боюнча УБ жетекчиси өтүлгөн предметтик конкурстар боюнча токтолду. Англис тили, өзбек тили, математика предметтердан 5-9-класстарда өтүлгөн конкурстарга берилген анализди окуп берди. Мактоо жактарын жана кемчиликтерине сунуш берип өтту.

Угулду:

Устат мугалим Хакимова К. башталгыч класстарда ачык сааттар өткөрүү маселеси боюнча анализ берди. 2- класстын жетекчиси Рахманова Надиранын ачык саатына токтолуп өттү. Рахманова колдогон ыкмалар окуучулардын билим сапатына чоң таасир көрсөтүп жатканын билдирди. 3-класстын жетекчиси Марипова Насиба жаш мугалим болгондуктан жаңы ыкмаларды колдону жолдорун устат мугалимдерден үйрөнүшүн сунуштады.

Угулду:

Кун тартибинде каралуучу акыркы маселе боюнча УБ жетекчиси Д.Усманова сүйлөдү. Өз ара сабакка катышуу мугалим кесибинде чөн мааниге

ээ экендигин эскертти. Мугалим өз ара сабакта өзүнө жаңылыктар алуу менен сунуш, ой пикир берип, өз ара жардам көрсөтөт.

Мугалим окуучуга гана сабак бербейт, ал өзүнүн жетишкендиктерин кесиптештерине уланат жана өзу дагы алардан үйрөнүп жашаарын эсте тутууну айтты. Өз ара сабактардын анализдерин талкууга койду.

Токтом чечим кылат:

1. Англис тили декадасын өткөрүүдө жаш мугалим Фуркатова Зарнигар өзүну көрсөтө билди.
2. 5-9- класстар арасында өтүлгөн конкурстарга окуучуларды кызыктыруу үчүн жаңы ыкмалар менен уюштурулсун.
3. Башталгыч класстарда өтүлгөн ачык сааттар натыйжасы менен Рахманова Надира Марипова Насибага насаатчы мугалим катары бекитилсин.
4. Өз ара сабактарда ыкмаларды натыйжалуу колдонуу жолдорун көрсөтүү мугалимдерге тапшырылсын.

Мектеп директору: А.Сыдыков

УБ жетекчиси: Д.Усманова.